***Б.А. Чыйбылова,***
*К. Карасаев атындагы БГУ*

# КАКЕН АЛМАЗБЕКОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ АРМАН ЫРЛАРЫНЫН БЕРИЛИШИ

Кыргыз поэзиясында өзгөчө, өз алдынча бөлүнүп турган акындардын бири Какен Алмазбеков. Анын адабий мурастарынын ичинде эпикалык пландагы чыгармалары басымдуу орунду ээлеп турат. Анын калеминен жаралаган көлөмдүү дастандары, термелери, поэмалары анын атын көпчүлүккө таанытты десек аша чапкандык болбос. К. Алмазбековдун өткөн кылымдын 70–80-жылдары эле чоң резонанс пайда кылган "Баланын каты", "Эненин арманы" ж.б. чыгармалар элдин эң сүйүктүү чыгармалары катары дүңгүрөгөн учурлар көп болгон.

Ар кандай акындын, же жазуучунун өмүр жолу анын чыгармачылыгынан бөлүнүп каралбайт. Ал эми жеке тагдыр менен чыгарамчылык тагдырдын ортосунда да чоң айырмачылык бар. Чыгармачылык тагдыр-бул таланттын бийик деңгээлге көтөрүлүшүнө чейинки баскан жолу, калыптанышы, чеберчилигинин эволюциясы катары каралып жүрөт.

Ал эми Какен Алмазбековдун акындык жана адамдык тагдыры өзүнчө бир таң калыштуу, кызыктуу болгондуктан, ал көптүн бири сыяктуу мезгилдин, замандын эрежесине ылайык Жазуучулар союзуна мүчө болуп өтүүгө аракет кылган эмес экен. Эгер андай болгондо ал арасына фольклор катары тарап кеткен ырлары тирүү кезинде китеп болуп чыкмак, мүмкүн тагдыры да башкача курулмак. Ошондой болсо да, көркөм чыгармачылыкка карата ал адамдын өз түйшүгү, өз позициясы болгон:

Алиги жармач жазма акын
Айлансын төкмө акындан.
Жетелей сүйөп таанышы
Жем жешкен бирге акырдан[1] - деп айтылгандай ал "жармач жазма акынга" караганда төкмөчүлүктү, импровизацияны бийик койгондугу ачык көрүнүп турат. К. Алмазбековдун көзү өткөн соң жарык көргөн "Эненин арманы" деген китебин көңүл коюп бир окуп чыккан кишиге бул ыр жыйнагы профессионал жазма поэзияга тиешелүү чыгарма эмес эле, көбүнчөсү төкмө түрдө пайда болгон поэтикалык көрүнүш экени ачык байкалат. Биз уккан, билген маалыматтарга караганда, Какен Алмазбеков өзүнүн ырларын басымдуу көп учурларда байыркы кельттердин барддарына окшоп эл чогулган жерлерде төкмөчүлүк менен жараткан. Акын өз ырларын оозеки чыгармачылык менен жаратканбы, же адегенде кагазга импровизация түрүндө түшүргөнбү, бул негизги маселе эмес, акындын поэзиясы өзүнүн жаратылыш табияты боюнча оозеки төкмө акындардын чыгармаларына өтө жакын экендиги, мына ушул жагдай башкы, өтө маанилүү маселе. Демек, К. Алмазбековдун поэзиясындагы эң негизги мотив-арман мотиви, өзүнүн жаралышы боюнча түздөн-түз элдик ырлар менен тамырлаш, киндиктеш экендиги талашсыз чындык.

Эмне үчүн Какен Алмазбеков ушундай күчтүү поэтикалык таланты менен Жазуучулар союзуна барып, акындык "карьера" жасоого аракет кылган эмес, эмне үчүн ал өмүрү өткөнчө эл арасында ырын ырдап жана эмнеликтен улам анын поэзиясынын чордонун арман мотиви түзөт деген сыяктуу суроолорго жооп берүү, албетте кыргыз адабият таануу илиминин жана фольклористиканын кезектеги милдеттеринин бири деп ойлойбуз.

Ал эми биз болсо, өзүбүздүн проблемабызга тикеден-тике байланыштуу арман жанрынын К. Алмазбековдун поэзиясындагы жаңыланышын, трансформациясын карап көргөнүбүздө, акындын ыр китеби "Эненин арманы" деп аталаган сыяктуу эле андагы программалык ырлардын бири "Эненин дастаны" деп аталат. Бул ырда Улуу Ата Мекендик согушта алты бирдей уулунан ажыраган эненин тагдыры баяндалат:

Ай-аалам уксун үнүмдү,
Айтайын арман күнүмдү.
Ажыдаар чачкан өрт алып,
Ачылган алты гүлүмдү.
Күн өтпөй жашым төкпөгөн
Күйүткө белим бүгүлдү.
Уйкудан безип, зар какшап,
Узатып далай түнүмд,
Көп болду боздоп келатам
Көтөрүп муңдуу жүгүмдү[1]

Бул арман ыр бекеринен "дастан" деп аталбайт, анткени мындай эненин арманы баштан-аяк дастан түрүндө баяндалат. Омор, Жапар, Кемел, Капар, Сапар, жана Актан–бардыгы алтоо, алтоо тең фронтто каза табат:

Көнүмүш болуп кайгырган,
Көөдөнүм күйүт жай кылган.
Так эми жетти дегенде,
Таалайы колдон тайгылган.
Карайлап айла таба албай,
Кан күйгөн күчтүү кайгымдан.
Каруусуз мен бир куштаймын
Канаты кабат кайрылган.
Ааламда мендей бар бекен
Алтоонон бирдей айрылган?.. [1]

"Эненин дастаны" баштан-аяк так ушул ыр саптарынын ыргагындай ыргакта жаралган, мында балдарынан ажыраган шордуу эненин муң-зары төкпөй-чачпай толук берилген. Дастанда согуш талаасында каза болгон балдарынын жоокердик милдет өтөөсүн, же болбосо патриоттук духун көрсөткөн жалган пафос менен шөкөтөлгөн бир дагы ыр сабы кездешпейт. Тескерисинче, "бүчүрү калбай кагылган", "ботодой боздогон" бир карап эненин элеси таасын көзгө элестейт. Ушундай тагдырга туш келген эне өзүнүн дастан-арманын мындайча жыйынтыктайт:

Адашып алты уларым,
Армандын жибин чубадым.
Кааларым эми бир өлүм,
Калган жок башка сурарым.
Кантейин, ажал жетпесе,
Канчага билбейм турарым.[2]

Албетте, Улуу Ата Мекендик согуш улуттуу совет элине эсеп жеткис кайгы-зар алып келди, ар бир үй-бөүлөө кимдир бирөөсүн жоготту, ошого карабастан жеңиш эчтекесин аябай, акыр аягына чейин темирдей бекем чыдамкайлыкты көрсөттү. Социалисттик реализм адабияты улуу трагедиянын ушул оптимисттик жагын бөлүп алып, бийик пафос менен чагылтып берди. Ал эми К. Алмазбековдун дастаны арман жанрынын "мыйзамы" негизинде жаралаган себептүү, ал ошол гана жанрдын мүнөздүү касиет-сапаттарына ээ болмок. Балдарынын аман-эсендигинен биротоло түңүлгөндон соң, эненин бир каалары, бир сурары-бир гана өлүм, ал качан келет, дагы канча турат, билбейт. Улуу Ата Мекендик согуш алып келген кайгылуу трагедияны ушул жагын сүрөттөө–бул дагы чындык, реалдуулук. Ал чындыкты, ал реалдуулукту эл аралап жүргөн азыркы замандын төкмө акыны гана айта алмак.

Ошондой эле акындын калемине таандык дагы бир "Баланын каты" (элге эфир аркылуу "Он үч жашар баланын арманы" деген ат менен белгилүү).– бул чыгарма боюнча акындын айылдашы, жакын замандашы, республиканын эл артисти, белгилүү төкмө акын Орозбек Кутманалиевдин аткаруусунда "Он үч жашар баланын арманы" деген ат менен кеңири белгилүү болуп , өз учурунда өзгөчө хитке айланган чыгармалардын бири. Автор бул чыгармасы аркылуу өткөн гүлдөгөн социализм мезгилиндеги айрым өксүктүү турмуш жагдайларын өзүндөй кылып ачып бергени менен бааланды. Коомдогу эң бир зыяндуу көйгөй –аракечтик, анын кыргыз турмушуна алып келген орду толгус оор трагедиялары эмне менен өлчөнөт?! Бул чыгармада ичкиликтин айынан бузулган үй-бүлө турмуш, балдардын атасыз тирүүлөй жетим калышы кимдин да болсо кабыргасын кайыштырып, каңырыгын түтөтөт. Бул ырда он үч жаштагы бала атасына кат менен кайрылгандыгы баяндалат:

Ата, каныңан бүткөн балаңын,
Кабыл ал айткан саламын.
Көңүлүм канча калса да,
Көзүмдөн учуп караанын.
Көрүнүп жарк дей түшсө деп,
Көп зарлап жолуң карадым.
Деги, көргөн бир күнү курсунчу,
Тирүүлөй жетим баланын.[1]

Өз атасына кат менен кайрылган он үч жаштагы өспөрүм баланын ички абал, турмуш-тагдырга карата сергек мамилеси кимди болсо да кайдыгер калтырбайт, ошол эле учурда терең ойго салат. Өзүнүн шамдай жанаган бактысына, балдарынын эртеңки көрөр күнүнө кабагым-кашым дебестен таштап кете берген ата сөрөйгө ичиңен жини келсе, бир туруп ушундай ара жолдо калган үй-бүлөлөрдүн бүгүнкү күндө да саны улам күн сайын артып бараткана зээниң кейийт.

Ата, азыр мен он үч жаштамын,
Акактай тунук жаш чагым.
Бирин да билбес кезимде,
Бир оюндан башканын
Күлкүнү сүйбөй эмитен,
Күйүттүү боло баштадым.
Айбым бар беле болбосо,
Айтчы, эмне, минтип таштадың?[2] -

деп чыгармада адамдарды ушундай күнгө алып келген, советтик үй-бүлөнүн ички ынтымагын ыдыраткан жалгыз эле арактабы күнөө же башка да мунун себеби барбы?-деген суроо туулат. Аталган чыгармадан дайын болгондой автор мында күнөөнү бир эле аракка койбойт. Мында негизи күнөө адамдын өзүндө., б.а. ошол үйдүн тасынын ички адамдык парзында болуп жатат. Автор өзү да буга күнөөлүү биринчи көпкөндүк экенин белгилейт да, ал эми араккечтик ага кошумча, жандооч экенин баса белгилейт.

Түтөгөн жүрөк арманын
Түгөлдөп айта албадым.
Бармагын басып бул катка
Бактысыз сенин балдарың
Атадан тирүү айрылып,
Армандуу күндө калганын
Кат менен кошо жиберет
Кайгысын, муңун, зарларын...[3]

Эл арасында ар түрдүү көз караштарды пайда кылган бул чыгарма жөнүндө адабиятчы, А. Обозканов өзүнүн жазган макаласында: "Анан калса, энелерди азапка салган" "Он үч жашар баланын арманындай" күйүттүү окуялар Какендин туулуп өскөн айылында көп болуптур. Ошентип акындын айтылуу армандары, термелеринин негизин тарыхый баян, турмуштук көйгөйлүү окуялар түзүп турат"[4] -деп жыйынтык чыгарат.

Жыйынтыктап айтканда, акындын поэзиясында арман ырларынын өзүнөн-өзү көкүрөктө «жатталып» калышы акындык жеке чыгармачылык масштабына гана эмес, ошондой эле анын жеке адамдык тагдырына бекем түрдө шартталган.

***Адабияттар***


1. Алмазбеков К. Эненин арманы. – Б.: Учкун. 1992.

2. Обозканов А. Какен Алмазбеков. (Адабий портрет), // Тил адабият жана искусство маселелери. – Б., 2002. №2 (7) 20-бет.